**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы**
723600 Ош обл. Өзгөн ш., Манас к.
ИНН: 02607201710137 ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерциялык Банк Кыргызстана"
э/э 1032120000505443 БИК 103021

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**Ассоциация медицинских колледжей Кыргызстана**
723600 Ош обл. г. Узген ул. Манас
ИНН: 02607201710137 ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерческий Банк Кыргызстан"
р/с 1032120000505443 БИК 103021

**KYRGYZ REPUBLIC**
**Association of Kyrgyz medical colleges**
723600 Osh region Uzgen city st.Manas
PIN: 02607201710137 ОКПО: 30028220
ОАО "Commercial Bank Kyrgyzstan"
p/a 1032120000505443 BIC 103021

Каттоо №10-26 11.06.2026

# КОНКУРСКА ЖАРЫЯ

Кыргызстандагы медициналык колледждеринин ассоциациясы (КМКА) төмөнкү кызмат орундарына конкурс жарыялайт:

1. КМКА төрагасынын орун басары – 1 бирдик;
2. Менеджер – 1 бирдик;
3. Усулдук кеңештин мүчөсү – 9 бирдик;
4. Ассоциациянын студенттер жана бүтүрүүчүлөр бөлүмүнүн (АСВ) башчысы – 1 бирдик;

## 1. КМКА төрагасынын орун басары – 1 бирдик

Билими:

- Медициналык багыттагы жогорку кесиптик билим.

Эмгек стажы:

- Медициналык колледждерде, билим берүү уюмдарында, мамлекеттик же коомдук түзүмдөрдө жетекчилик кызматтарда, түзүмдүк бөлүм башчысы, директордун орун басары, башкы адис же ага теңештирилген кызматтарда 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы.

Кесиптик тажрыйбасы:

- Медициналык билим берүү системасында иштеген;
- Аккредитация, лицензиялоо, сапатты камсыздоо маселелери боюнча тажрыйбалуу;
- Уюштуруучулук жана башкаруучулук ишмердүүлүгү жогору.

## 2. Менеджер – 1 бирдик

Билими:

- Медициналык, менеджмент, экономика же мамлекеттик башкаруу багытындагы жогорку же орто кесиптик билим.

Эмгек стажы:

- Мамлекеттик, билим берүүчү же коомдук уюмдарда 3 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы.

Кесиптик көндүмдөрү:

- Документ жүргүзүү;

- Иш-чараларды уюштуруу;
- Компьютердик программалар менен иштөө;
- Иш кагаздарын мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдоо.

**3. КМКАнын Усулдук кеңешинин мүчөлөрү – 9 бирдик**

(Ар бир облустан – 1 өкүл, Бишкек шаарынан – 1 өкүл, Ош шаарынан – 1 өкүл)

Билими:
- Медициналык багыттагы жогорку билим.

Эмгек стажы:
- Медициналык колледждерде окутуучу, бөлүм башчы, циклдик комиссиянын төрагасы, усулчу же жетекчилик кызматтарда 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы.

Кесиптик тажрыйбасы:
- Окуу программаларын иштеп чыгуу;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарын ишке ашыруу;
- Аккредитация жана сапатты камсыздоо иштерине катышуу.

**4. Ассоциациянын студенттер жана бүтүрүүчүлөр бөлүмүнүн (АСВ) башчысы – 1 бирдик**

Билими:
- Медициналык багыттагы жогорку же орто кесиптик билим.

Эмгек стажы:
- Студенттик, жаштар же коомдук уюмдар менен иштөө боюнча 2 жылдан кем эмес тажрыйба.

Кошумча талаптар:
- Коммуникациялык жөндөмдөр;
- Социалдык тармактар менен иштөө көндүмдөрү;
- Демилгелүүлүк жана активдүүлүк.

**Жалпы шарттар:**
- Конкурска Кыргыз Республикасынын медициналык колледждеринде, билим берүү уюмдарында жана саламаттык сактоо мекемелеринде эмгектенип жаткан кызматкерлер катыша алышат.
- Кызматтар коомдук башталышта же келишимдик негизде аткарылат.
- Эмгек акы жана башка төлөмдөр КМКАнын бекитилген бюджети, долбоорлор жана тартылган каражаттардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша белгиленет.
- Айрым кызматтар боюнча чыгымдардын ордун толтуруу жана сый акы төлөө КМКАнын тиешелүү чечимдеринин негизинде жүргүзүлөт.

**Конкурска катышуу үчүн тапшырылуучу документтер**
1. Жеке арыз;
2. Резюме (CV);
3. Паспорттун көчүрмөсү;
4. Дипломдун көчүрмөсү;
5. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (же эмгек ишмердүүлүгүн тастыктаган документ).

Документтерди кабыл алуу мөөнөтү

Документтер 2026-жылдын ____ чейин кабыл алынат.

Дареги: Кыргыз Республикасынын Медициналык колледждеринин ассоциациясы (КМКА).

Реквизттер:
тел.: 0773 682986, 0553682986
email: kmka17@mail.ru

Кыргыз Республикасындагы медициналык
колледждердин ассоциациясынын төрагасы: Станбаев Ө.Т.